**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

*Кептик тема: Ар бир кесип ардактуу*

*Грамматикалык материал: -чы мүчөсү*

*Класс: 4 б*

*Кайыкеева Кенже Сатылгановна*

*2021-2022- окуу жылы*

Класс: 4Б-класс

Сабактын кептик темасы: Ар бир кесип ардактуу

Грамматикалык темасы: -чы мүчөсү

Жаңы лексика: Машыктыруучу,котормочу,коргоочу,жазуучу,сүрөтчү, жылуу кабыл алуу

Сабактын максаты:

-чы мүчөсү уланган сөздөрдү үйрөнөт

. Эмне кылат? деген суроого жооп бере алат

. Өзүнө жаккан кесип тууралуу айтып бере алат

. Кесип тууралуу өзүнө жыйынтык чыгарат.

Сабактын тиби: аралаш сабак.

Сабактын формасы: сөз өстүрүү сабагы

Сабактын жабдылышы: техникалык каражаттар, сүрөттөр,ватман,окуу китеби.

Сабактын жүрүшү.

1. Учурашуу учуру

2. Үй тапшырмасын текшерүү " Менин үй бүлөм"

3. Жаңы теманы түшүндүрүү

Бүгүн сабакта эмне жөнүндө сүйлөбүз?

Бүгүнкү сабагыбыздын темасы кандай?

Экранга карап ребуста катылган сүрөттөрдү тапкыла.

Силерге жардам болсун кызыл түстөгү муундарды окугула

Темабыз: Ар бир кесип ардактуу.

Грамматикалык темабыз: - чы мүчөсү

Баарыбыз дептерибизди ачып, бүгүнкү датаны, теманы жазабыз .

4. Сабактын максаттарына мугалим токтолот.

Балдар алгач жаңы сөздөр менен таанышабыз.

Жазуучу. Чынгыз Айтматов белгилүү жазуучу.

Котормочу. Котормочу көп тилдерди билет.

Сүрөтчү. Гапар Айтиев белгилүү сүрөтчү.

Машыктыруучу. Менин машыктыруучум эң мыкты.

Жылуу кабыл алып.Дарыгер жылуу кабыл алып дарылады.

Тактада " Алма дарагы" илинген

Балдар, ар бир туура жооп берген жообуңар бирден алма болуп, даракка чаптайсыңар да, жемиштүү даракка айландырды.

1-тапшырма

Сөздөргө - чы мүчөсүн улагыла

Ал кандай мүчө?

Комуз. . .             Окуу. . .

Ыр. . .                  Машыктыр. . .

Котормо. . .         Айдоо. . .

Жазуу. . .             Сүрөт. . .

Куруу. . .             Ашпоз. . .

- чы мүчөсүн улаганда кесипти билдирген сөздөр чыгат.

2- тапшырма. Ким эмне кылат?

Үлгү боюнча суроолорго жооп бергиле

М: Жазуучу аңгеме жазат.

Ашпозчу тамак жасайт.

Сүрөттөргө Ким эмне кылат?жооп беришет.

Дагы кандай кесиптерди билесиңер?  Айтып бергиле.

Текст менен иштөө.

Актан кантип келечек кесибин тандады?

1- тыным.I топ окушат

Актан бир күнү ооруп калды. Ал дарыгерге барды. Дарыгер жылуу кабыл алып дарылады. Ал дарыгер болууну каалады.

2- тыным. II топ окушат.

Мектепке баратып жолдон адашкан туристке жоолукту.

Суроосуна такыр жооп бере албай койду. Туристке жардам бере албаганына абдан өкүндү.

3-тыным. III топ окушат.

Ал окуядан кийин котормочу болууну чечти. Адашкан конокторго жардам бергиси келди.

- Чоң ата, мен котормочу болуу үчүн эмне кылуум керек?

- Көп окуп, көп тил билүүң керек!- деп колуна китеп берди.

Кесиптештер тууралуу жазылган китепти Акылай экөө бирге окушту.

Эми мен билем.

Чачың өсүп кетсе,чач тарачка кайрылуу керек. Жаңы мектеп курганга, куруучуга кайрылуу керек.

3- тапшырма. Текст боюнча суроолорго жооп бергишет.

Суроого жооп бергиле.

1. Актан келечекте ким болууну каалады?

2. Эмне үчүн?

3. Сага жаккан кесип жөнүндө айтып бер.

4- тапшырма. 16-бет 4- көнүгүү.

Сүйлөмдөрдү толуктагыла .

Англиядан конок келди __________________

Жаңы жылга карата тиктириш керек _____________

Досума кат жаздым ____________________

Мектеп алыс ______________________________

5- тапшырма. Келечекте ким болгуң келет?

Үлгүгө таянып дептериңерге жазгыла.

Менин атам. . . Мен . . . окуймун. Мен. . . сабагын жакшы көрөмүн. Келечекте. . .болгум келет. Себеби, . . .

Жакшы окуп. . . болуп, . . . Жардамымды беремин.

6- тапшырма.

1- топ "Кесип"класстер түзгүлө.

2-топ "Кесип" синквейн түзгүлө.

3- топ сүрөттөрдү туура курагыла.

Сабакты жыйынтыктоо.

Тема кызыктуу болдубу?

Кайсы маалымат кызыктуу болду?

Үйгө тапшырма:

Окуу китеби. 16-бет 6- көнүгүүнү жазгыла.